*КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ.*

*Билим Берүүдөгү Заманбап Маалыматтык Технологиялар Институту*
*Талас кесиптик колледжи*

# *ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КОМПЛЕКСИ*

**“Балдарды мектепке даярдоо”** дисциплинасы боюнча

Дисциплина боюнча окуу-методикалык комплекстин мазмуну

1. Окуу адистигинин жумушчу программасы
2. Силлабус – адистикттин окуу программасы (студенттер үчүн)
3. Практикалык сабакты өтүү боюнча методикалык көрсөтмө
4. Башка окуу-методикалык материалдар

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим Министрлиги**
**Билим берүүдөгү Заманбап Маалыматтык Технологиялар Институту**
**Талас кесиптик колледжи**

**“Макулдашылды”**
ББЗИТИнин Талас кесиптик колледжинин
методикалык кенешменин башчысы
М.Ы.Рыскулова___________________
“______” “_____________”2024-жыл.

**“Бекитемин”**
ББЗИТИнин Талас кесиптик
колледжинин директору
Г.К.Дыйкамбаева_____________
“______” “__________”2024-жыл.

# ***Жумушчу программа***

**“Балдарды мектепке даярдоо”** ***предмети боюнча***

**Адистиги :** “Башталгыч класстарда окутуу” шифр 050709

**Окуу формасы: күндүзгү**

| | **Семестр** | **Сааттардын көлөмү** |
|---|---|---|
| **Курс** | **3** | |
| **Семестр** | **5** | |
| **Зачет** | | |
| **Экзамен** | | |
| **Лекция** | | **27** |
| **Лабораториялык сабак** | | |
| **Практикалык сабак** | | **18** |
| **Өз алдынча иштөө, сааты** | | **45** |
| **Модулдар** | **1-2** | |
| **Курстук иш** | | |
| **Жалпы:** | | **90** |

Иштеп чыккан окутуучу: М.Ы.Рыскулова___________
(колу)

Методикалык кеңешменин отурумунда талкууланган жана бекитилген.

Протоколдун №______ “______” “______________” 2024-жыл.

Талас шаар

***«Балдарды мектепке даярдоо»*** дисциплинасы боюнча окуу-усулдук комплекси жогорку кесиптик билим берүүнүн, 550700 Педагогика багытынын Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы профилинин студенттери үчүн багытталган. Окуу планынын профессионалдык циклынын вариативдик бөлүгүнө кирет.

***«Балдарды мектепке даярдоо»*** курсу Педагогика багытынын 3-курстун 5-семестринде окутулат.

***«Балдарды мектепке даярдоо»*** **дисциплинасынын аннотациясы:**

Балдарды мектепке даярдоо - бул жеке-өздүк максат эмес, ал мектепке чейинки баланын кызыгууларын жана керектөөлөрүн канааттандыруучу, анын бүтүндөй жашоосун оң эмоцияга жык толтуруу максатын көздөгөн чөйрөнүн уюшулган ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы болуп саналат.

Мектепке даяр болуу - бул курчап турган дүйнөнүн кубулуштарын, ага туура келүүчү предметтердин категорияларын жалпылаштыруу жана дифференциациялоо болуп саналат.

Мектепке даярдоо - бул башкалардын сөзүн угууга, көңүл коюуга, жамаат менен таанып билүү иштерине катышууга, классташтары менен достошо билүүгө үйрөтүү. Ошондой эле алардын байкагычтыгын, сезимталдуулугун, эске сактоосун, кабыл алуусун, кебин, ой жүгүртүүсүн (салыштыруу, ойлоо, жыйынтык чыгаруу ж.б.) өнүктүрүү болуп эсептелет.

Балдарды мектепке даярдоо "Наристе" программасы (45 саат) Кыргыз Республикасынын "Билим берүү – жалпыга" программасынын максаттарын тездетип ишке ашыруу демилгелери" долбоорунун алкагында "Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө" КР мыйзамына Кыргыз Республикасынын "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо" мамлекеттик стандартына ылайык иштелип чыкты. Программа 2015-жылдын 17-августундагы №1090/1 Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен бекитилген.

## ДИСЦИПЛИНАНЫН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТИ

Балалык - адам жашоосунун уникалдуу мезгили болуп саналат. Мектеп жашына чейинки куракта (3-4 жаштан 6-7 жашка чейинки мезгил) бала психофизиологиялык жактан калыптанып, жүрүм-турумдун социалдык нормалары өздөштүрүлүп, инсандык түзүлүш жүрөт. Балалык мезгилде тилдин байлыгына, аны үйрөнүүгө ашыгып, оюн ишмердүүлүгүндө логиканын грамматикалык эрежелерин түшүнүүгө аракеттер жасалат. Ошондуктан балдарды мектепке даярдоо курсунун багыты билим берүү процесси үчүн эң зарыл болгон баланын жалпы психологиялык (речтик, интеллектуалдык, мотивациялык, эрктик, коммуникативдик, дене жактан) өнүгүүсүн калыптандырууга жана көмөктөшүүчү социалдык, педагогикалык даярдыгын камсыз кылууга багытталышы шарт.

Бүгүнкү күндө балдарды мектепке даярдоо ишмердүүлүгү өтө актуалдуу маселе болуп келет. Бул маселеге байланыштуу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан кабыл алынган мектепке чейинки билим берүүнүн программасында баланын жалпы өнүгүүсүнө (физиологиялык, психологиялык, социалдык) камкордук көрүү процесси камтылат. Мектепке даярдоо курстары педагогикалык, психологиялык тармактар менен бирдикте өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп, алар мектепке чейинки педагогика, жалпы психология, жаш курак психологиясы, логопедия, медициналык психология, лингвистика ж.б. илимдер менен тыгыз байланышта. Даярдоо маселеси комплекстүү болуп, анын ичинен психологиялык даярдыкка өзгөчө көңүл бурууда келечекте баланын мектептеги окуу ишмердүүлүгүн өздөштүрүүсүнө, татыктуу инсан болуп калыптануусуна шарт түзүлөт.

## ОКУУ САБАКТАРЫН ЖҮРГҮЗҮҮ ФОРМАСЫ, ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

Предметтин мазмуну окуу процессин уюштуруу аркылуу ар кандай формасы менен ишке ашат – лекция, лабораториялык, практикалык, семинардык сабак жана студенттердин өз алдынча иштөөсү (жумушчу программада каралган).

Студенттердин өз алдынча иштөөсү аудиториялык сабакта жана сабактан (практикалык тапшырмаларды аткарууда), тышкары да даярдануу аркылуу ишке ашырылат.

Сабакты өтүү технологиялары жана методдору: топто иштөө, жупта иштөө, кичине топто иштөө, кластер, синквейин, Венндин диаграммасы, инсерт, жагымдуу маанай, күтүүлөр дарагы, хайку, эльфхен.

## БИЛИМДИ ТЕКШЕРҮҮ ФОРМАСЫ

Предметти окутуу процессинде текшерүүнүн төмөнкү түрлөрүн колдонуу максатка ылайыктуу: окутуу башталардагы текшерүү, учурдагы текшерүү (модулдук текшерүү), орто аралык аттестациясы (жыйынтыктоочу текшерүү).

Студенттердин жетишүүсүн учурдагы текшерүү (мындан ары учурдагы текшерүү) - семестр ичиндеги оперативдүү текшерүү жана тийиштүү дисциплиналарды модулдар, тестирлөө, оозеки суроо, рефераттар, докладдар текшерүү иштери түрүндө үйрөнүү процессинде логикалык жактан бүткөрүлгөн бөлүмдөрү (модулдар жана главалар) боюнча студенттердин билим деңгээлин жана окуу материалынын өздөштүрүүсүнүн даражасын баалоо.

Студенттердин жетишүүсүнүн орто аралык аттестациясы (мындан ары - орто аралык аттестация) - семестр аяктаганында (экзамендик сессия убагында) окуу планы тарабынан ушул семестрде үйрөнүлүшү каралган дисциплиналар боюнча зачетторду жана экзамендерди кабыл алуу жолу менен милдеттүү текшерүү.

Ар бир модулда минималдык жана максималдык балл аныкталат. Модуль боюнча максималдык балл өтүлгөн материалдын 100 % өздөштүрүүсүнө барабар болот. Ар бир модулдагы минималдык балл милдеттүү жана ал башка модулдун баллдары менен толукталбайт. Предметтин ар бир модулу боюнча минималдык балл 56 баллды, а эми максималдык – 100 баллды түзөт. Оң жыйынтыкка ээ болуу үчүн 56 баллдан кем эмес балл топтоо керек (бардык бөлүктөрдүн минималдык баллын эске алуу менен).

### Студенттердин билимин баалоо системасы, формалары жана предметтин модуль-рейтинг картасы

Баллды академиялык баага которуу төмөнкү схемада ишке ашырылат: «канаттандыраарлык» - 55-69 балл, «жакшы» - 70-84 балл, «эң жакшы» - 85-100 балл.

**Баллды бөлүштүрүүнүн модулдук-рейтингдик картасы**

| Модулдун аты, иштердин түрү жана текшерүү формасы | | Рейтинг - баллы | |
|---|---|---|---|
| | | минимум | максимум |
| *Дисциплиналык модуль №1* | *Учурдагы иш* | | |
| | *1.1.Лабораториялык, практикалык же семинардык сабактар (*ооз эки суроо, отчет, коллоквиум ж.б) | *15* | *20* |
| | 1.2.*Студенттин өз алдынча ишти аткарышы (текшеруу иши, реферат, презентация жасоо жб)* | *20* | *25* |
| | *1.3.Теориялык билимин практикада колдонуу менен (тестирлөө 15 суроо, 1 туура жооп = 3 балл)* | *21* | *45* |
| | *Учурдагы текшерүү №1* | *56* | *90* |
| | | | |
| *Дисциплиналык модуль №2* | *Учурдагы иш* | | |
| | *2.1.Лабораториялык, практикалык же семинардык сабактар (*ооз эки суроо, отчет, коллоквиум ж.б) | *15* | *20* |
| | 2.2.*Студенттин өз алдынча ишти аткарышы (текшерүү иши, реферат, презентация жасоо жб)* | *20* | *25* |
| | *2.3.Теориялык билим практикада колдонуу менен (тестирлөө 15 суроо, 1 туура жооп =3 балл)* | *21* | *45* |
| | *Учурдагы текшерүү №2* | *56* | *90* |
| | ***Орто аралык аттестация*** | ***10 баллга чейин*** | |

**Эскертүү**: Студенттин модулдардын жыйынтыгы менен алган балы оң баага татыктуу болсо, бааны «автоматтык» түрдө ала алат. Окутуучу орто аралык аттестацияда студентке бааны коюп берет.

Орто аралык аттестациядан студент өз баасына канаттанбаган учурда өтөт. Орто аралык аттестацияга тапшырылбаган модулдун суроолору же студенттин баасын жогорулатууга көмөк көрсөтүүчү модулдардын суроолору киргизилет. Студент дисциплина боюнча «канаттандыраарлык эмес» баа алган болсо, анда ал академиялык карызын «жайкы семестрде» жоё алат.

**Дисциплинага чейинки окулуучу курс:** Педагогика, Психология, Инклюзивдик билим берүү, Башталгыч билим берүүнү окутуунун методикасы, Билим берүүнүн жаңы технологиялары, Мекен таануунун методикасы.

**Дисциплинадан кийинки окулуучу курс:** Башталгыч мектепте этика сабагын окутуунун методикасы, Көркөм окуунун практикуму менен сөз өстүрүүнүн теориясы жана методикасы, Балдар риторикасы жана дүйнөлүк көркөм маданият, Класс

жетекчилик, Башталгыч мектепте окутуунун активдүү формалары, Тарбия иштеринин методикасы, Педагогикалык психология, Этнопедагогика.

**Дисциплинаны өздөштүргөндөн кийин пайда болуучу компетенциялар:**

| Компетенциялардын коду | Компетенциялар |
|---|---|
| **ЖК -№** | **Жалпы илимий компетенция** |
| ЖК-1. | Маалыматты чогултуу, тандоо, талдоо жана тиешелүү формада конспектилөө көндүмүнө ээ; |
| ЖК -4. | Билимин практикада колдоно билет; |
| ЖК -5. | үзгүлтүксүз билим алууга жана өнүгүүгө даяр; |
| ЖК -6. | өз ишмердүүлүгүнүн сапатына жооп берүүгө жөндөмдүү; |
| ЖК -7. | Маселени чечүүгө карата өз оюн оозеки жана жазуу формасында жеткиликтүү бере алат |
| **ИК - №** | **Инструменталдык компетенция** |
| ИК-1 | Компьютер менен иштөө жөндөмдүүлүгү, маалыматтарды кайра иштөө жана сактоону, алынган ыкманы, негизги методдорду колдоно билет; |
| ИК-4 | Жаңы ситуацияны жана анын жыйынтыктарын баалоого көнүгөт |
| **СК - №** | **Социалдык- өздүк жана жалпы маданий компетенция** |
| СК - 1 | Мектеп коомчулугун деңгээлинде инсан аралык жана кесиптик мамилелерди толеранттуу түзүүнү билүү; |
| СК - 3 | Билим берүү чөйрөсүндө (психологиялык, социалдык, ар түрдүү жаш куракта окуучуларды сергек жашоого, жаратылышты пайдаланууга) коопсуздукту камсыз кылууга жөндөмдүү. |
| **КК - №** | **Кесипкөйлүк компетенция** |
| КК-1. | Болочок кесибинин социалдык маанисин аңдап билет, кесиптик ишмердүүлүгүн ишке ашыруу мотивациясына ээ; |
| КК-4. | Кесибине байланыштуу өз алдынча билим алууга жана инсан катары өсүп-өнүгүүгө даяр; |
| КК-5. | өз алдынча таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө жана жакшыртууга жөндөмдүү, окуучуну да мындай көндүмдөргө үйрөтөт; |
| КК-6. | Башталгыч мектепте окуучуларды кыргыз тили предметин окутууда зарыл болгон теориялык жана колдонмо- методикалык билимге ээ; |
| КК-7. | Сабакта өз оюн эркин айта алат |

**Күтүлүүчү жыйынтыктар:**

| Компетенциялар | Билет | Колдоно алат | Ээ болот |
|---|---|---|---|
| **Жалпы илимий** | мектепке даярдоо класстарында/тайпаларда окутуу процесси 6 жаштагы балдарды турмуштук жаңы жагдайларга көнүктүрүүгө, социалдаштырууга жана пикирлешүүнүн, кызматташуунун, өз ара мамиле кылуунун жана психо-социалдык | 223баланы мектепке даярдоо жаңы шарттарга социалдык ыңгайлашуунун, таанып-билүү процесстеринин, буюмдарды жана айлана чөйрөнүн кубулуштарын жалпылоонун өсүү деңгээлин колдоно | Баланы ар тараптуу өнүктүрүү жана алардын билимдерди өздөштүрүүгө жана системалуу окууга болгон даярдыгын калыптандыруу; окуу ишмердигине ээ кылуу; сабат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | тоскоолдуктарды жеңип чыгуунун жөнөкөй көндүмдөрүн балдарга сиңирүүгө багытталган | алат | ачуунун жана математиканын башталышына окутуу; курчап турган дүйнөнү табигый-илимий таанып билүү ыкмасынын (тажрыйба, эксперимент, изилдөө ж.б.) элементтерин өздөштүрүүгө үйрөтүү |
| **Инструменталдык** | окуу-тарбия процессинин сапатын камсыздоо үчүн азыркы методдор менен технологияларды, окуучунун жетишкендиктерин диагноздоочу методдорду колдонууга даяр | окуучуга керектүү маалыматты өз алдынча тапканга үйрөтө алат | окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун түрдүү инструменттерин жана критерийлерин колдоно алат ж.б. |
| **Социалдык-өздүк жана жалпы маданий** | балдарга жаш өзгөчөлүктөрүнө жана өзгөчө муктаждыктарына жараша таасир эте билет | өзүнүн жетишкендиктерин жана кемчиликтерин сындоого, о.э. башкалардын жетишкендиктерин жана кемчиликтерин ондоого, өнүктүрүүгө каражаттарды таба билүүнү жасай алат | окутуунун принциптерин жайылтууга жөндөмдүү |
| **Кесипкөйлүк** | Өз алдынча таанып - билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө жана жакшыртууга жөндөмдүү, окуучуну да мындай көндүмдөргө үйрөтөт | Социалдык жана кесиптик маселелерди чечүүдө гуманитардык, социалдык жана экономикалык илимдер боюнча системалаштырылган теориялык жана практикалык билимдерин колдоно алат | Болочок кесибинин социалдык маанисин аңдап билет, кесиптик ишмердүүлүгүн ишке ашыруу мотивациясына ээ |

**Предметти өздөштүргөндөн кийин пайда болуучу компетенциялар:**

Дисциплинаны окуунун жыйынтыгында студент төмөндөгүлөрдү:

***билет:***

- 6 жаштагы балдардын жекече өзгөчөлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алууну;
- баланы, процессти жана анын ишмердигинин жыйынтыктарын урматтоого;
- сабактарды иштеп чыгууга комплекстүү мамилени;
- сабактардын системалуулугу жана ырааттуулугун;
- мазмундун жана сабактарды өткөрүү формаларынын көп түрдүүлүгүн;
- көрсөтмөлүүлүктү пайдалануусун;
- балдар менен биргеликте эрежелерди (оюн ишмердигинин алкагында) талкуулоо жана орнотууну.

***үйрөнөт:***

- окутуунун жеткиликтүүлүгүн;
- өстүрүүчү оюндар жана көнүгүүлөр аркылуу чыгармачылык жөндөмдү өстүрүүнү;
- тапкычтыкка карата логикалык тапшырмаларды (6 жаштагы балдардын курагына туура келген) чече билүү аркылуу логикалык ой жүгүртүүнү өстүрүүнү;
- классификациялоо (мисалы: предметтердин топторун белгилери боюнча), ошондой эле жалпылоо жана конкреттештирүү ыкмаларын пайдалануу аркылуу салыштыруунун негизинде ой жүгүртүү операцияларын жасай алууну;
- балдардын изилдөө, издөө жана куруу мүмкүнчүлүктөрүн жана кызыкчылыктарын өстүрүүнү.

**“Балдарды мектепке даярдоо”** дисциплинасы боюнча
## ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАН

| предметтик модулдун № | лек тема. № | Теманын аталышы | Сабактын түрү боюнча сааттардын бөлүштүрүлүшү | | | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | лк | прак (сем) | СРС | |
| **М 1** | **1.1** | **Балдарды мектепке даярдоо предмети, милдети жана максаттары** | 2 | | 2 | |
| | | Балдарды 6-жаштан мектепке даярдоо үчүн окуу планы жана мектепке даярдоо программасынын иш тартиби | | 2 | | |
| | | Балдардын курактык өзгөчөлүктөрү | | 2 | 2 | |
| | | Оюн ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча сунуштар | | | 2 | |
| | **1.2** | **Балдарды мектепке даярдоо программаларынын келип чыгуу тарыхы** | 2 | | 2 | |
| | | Предметтик программалардын мазмуну: “Дене өстүрүү”, “Айлана чөйрө менен тааныштыруу” | | 2 | 2 | |
| | | Билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактарга карата методикалык сунуштар | | | 2 | |
| | **1.3** | **Балдарды 6 жаштан мектепке даярдоо программасынын иш тартиби** | 2 | | 2 | |
| | **1.4** | **Мектепке даярдоодо баланын анатомо-физиологиялык өзгөчөлүгү жана психикасынын өнүгүүсү** | 2 | | | |
| | | Предметтик программалардын мазмуну: “Кеп өстүрүү жана көркөм адабият”, “Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу /Конструкциялоо” | | 2 | 2 | |
| | **1.5** | **Мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун методологиясы** | 2 | | 2 | |
| | | Байкоо жүргүзүү боюнча жыйынтык жазуулары | | | 2 | |
| | **1.6** | **Баланын мектептеги окууга даярдыгы жана мектеп чөйрөсүнө адаптациялануусу** | 2 | | | |
| | **1.7** | **Предметтик программалардын мазмуну: “Сабат ачуу”, “Көркөм өнөр чыгармачылыгы”** | 2 | 2 | 2 | |
| | **1.8** | **5–6 жаштагы балдарды өнүктүрүү программасы** | 2 | | 2 | |
| | | Инсандын калыптанышында үй-бүлөнүн ролу | | | 2 | |
| | **1.9** | **Балдарды мектепке даярдоо** | 2 | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **процессинде инновациялык билим берүү системасы** | | | | |
| | | Предметтик программалардын мазмуну: “Кыргыз тили - экинчи тил”, “Орус тили - экинчи тил” | | 2 | | |
| | **1.10** | **Педагогикалык процессти уюштуруу** | 2 | | 2 | |
| | | Баланын мектепке даярдыгынын критерийлери | | | 2 | |
| | **1.11** | **М.Монтессоринин методикасы боюнча балдарды комплекстүү даярдоо** | 2 | | 2 | |
| | | Окутуудагы жетишкендиктерге жана балдардын өнүгүүсүнө мониторинг жасоо жана баалоо | | 2 | 2 | |
| | **1.12** | **5 тен 6 жашка чейинки (жогорку топтогу) балдар үчүн билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактардын негизги планы** | 2 | | 2 | |
| | | Түрдүү курактагы топтордо педагогикалык процессти уюштуруу | | | 2 | |
| | **1.13** | **6-7-жаштагы балдардын өсүү чөйрөлөрүнө мүнөздөмө (Наристе программасы боюнча)** | 2 | | 2 | |
| | | Баланы мектепке даярдоодогу үй-бүлөнүн ролу | | 2 | | |
| | | Үй-бүлө менен өз ара аракеттенүү | | 2 | 2 | |
| | | Баалоо портфолиосу | | | 2 | |
| | **1.14** | **Балдарды 6-жаштан мектепке даярдоодо окуу процессин уюштурууга жалпы талаптар** | 2 | | | |
| | | 6 жаштагы балдардын психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү | | | 2 | |
| | | **Семестр боюнча бардыгы** | **27** | **18** | **45** | |

*“Балдарды мектепке даярдоо”* дисциплинасынын мазмуну жана структурасы

## ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАН

### 5-семестр

| К№ | Лекциялык сабактардын мазмуну | Мазмуну |
|---|---|---|
| 1. | **Балдарды мектепке даярдоо предмети, милдети жана максаттары (2 саат)** | Киришүү. Балдарды мектепке даярдоо курсуна жалпы түшүнүк. Балдарды мектепке даярдоо курсунун негизги милдети, максаты жана багыттары. Балдарды мектепке даярдоонун негизги компоненттери. |
| 2. | **Балдарды мектепке даярдоо программаларынын келип чыгуу тарыхы (2 саат)** | Балдарды мектепке даярдоо программаларынын иштелип чыгышы. Наристе программасы жөнүндө жалпы маалымат. Наристе программасынын милдеттери жана максаттары. Наристе программасынын негизги багыттары. |
| 3. | **Мектепке даярдоодо баланын анатомо-физиологиялык еөзгөчөлүгү жана психикасынын өнүгүүсү (2 саат)** | Баланын анатомо-физиологиялык өзгөчөлүгү жана психикасынын өнүгүүсү. Балада психологиялык жактан жетилгендик жана мектепке даярдык. Баланын мектептеги окууга болгон даярдыгындагы көрсөткүчтөр. Баланын мектепке даярдыгынын критерийлери. Биринчи класстын мугалиминин милдеттери. |
| 4. | **Баланын мектептеги окууга даярдыгы жана мектеп чөйрөсүнө адаптациялануусу (2 саат)** | Баланын мектептеги окууга даярдыгы. Баланын мектеп чөйрөсүнө адаптациялануу процесси. Балдарды мектепке ылайыкташтыруу. Балдарды мектепке адаптациялоо факторлору. Мектепке кире турган балдарды диагностикалоочу методикалар. |
| 5. | **Балдарды мектепке даярдоо процессинде инновациялык билим берүү системасы (2 саат)** | Инновация түшүнүгү. Инновациялык тарбиялоо, өстүрүү же башкаруу. Педагогикалык инновация. Инновациялык мектеп. Кыргызстандагы инновациялык мектептердеги өзгөрүүлөр. Мектепке даярдоо ишинде жаңы технологияларды колдонуу. |
| 6. | **М.Монтессоринин методикасы боюнча балдарды комплекстүү даярдоо (2 саат)** | Мария Монтессоринин өмүрү, чыгармачылык жолу. М.Монтессоринин педагогикалык системасы. М.Монтессоринин методикасынын 5 зонасы. Балдардын окуу ишмердүүлүгүндө калыптанган окуу ыкмалары. |
| 7. | **6-7-жаштагы балдардын өсүү чөйрөлөрүнө мүнөздөмө (Нариcте программасы боюнча) (2 саат)** | Балдарды мектепке даярдоо “Наристе” программасы. 6-7 жаштагы балдардын өсүү чөйрөлөрүнө мүнөздөмө: денелик жактан өстүрүү, когнитивдик өсүү, логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү, кабыл алуу өзгөчөлүктөрү, ой жүгүртүү өзгөчөлүктөрү, эс тутум өзгөчөлүктөрү, көңүл буруу өзгөчөлүктөрү, социалдык-эмоционалдык |

| | | |
|---|---|---|
| | | өсүү, чыгармачыл жана эстетикалык өсүү. |
| 8. | **Балдарды 6-жаштан мектепке даярдоодо окуу процессин уюштурууга жалпы талаптар (2 саат)** | Окуу процессин уюштуруудагы негизги талаптар. Педагогдордун ишмердигине талаптар. 6 жаштагы балдардын окуусуна карата зарыл талаптар. Сабактарды өткөрүүнүн милдеттүү шарттары. Үй-бүлө менен иштөө. |

## СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨСҮ

Студенттердин өз алдынча иштөөсү окуу процессинин составдык бөлүгү болуп саналат жана окутуучу тарабынан берилген тапшырмаларды өз алдынча чечүү, адабияттар менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү максатын көздөйт. Окутуучу семестрдин башында ар бир студентке жекече тапшырма берет. Студент семестр ичинде өз алдынча адабияттарды карап чыгып, коюлган маселени чечүү үчүн реферат жазат. Коюлган маселени туура жана так аткарган студент тиешелүү балл ала алат.

**“Балдарды мектепке даярдоо” дисциплинасы боюнча студенттердин өз алдынча иштеринин темалары**

| № | Темалардын аталышы | Сааты |
|---|---|---|
| **Модуль I** | | |
| 1. | Балдардын курактык өзгөчөлүктөрү | 2 |
| 2. | Оюн ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча сунуштар | 2 |
| 3. | Билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактарга карата методикалык сунуштар | 2 |
| 4. | Балдарды 6 жаштан мектепке даярдоо программасынын иш тартиби | 2 |
| 5. | Мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун методологиясы | 2 |
| 6. | Байкоо жүргүзүү боюнча жыйынтык жазуулары | 2 |
| 7. | 5–6 жаштагы балдарды өнүктүрүү программасы | 2 |
| 8. | Инсандын калыптанышында үй-бүлөнүн ролу | 2 |
| 9. | Педагогикалык процессти уюштуруу | 2 |
| 10. | Баланын мектепке даярдыгынын критерийлери | 2 |
| 11. | 5 тен 6 жашка чейинки (жогорку топтогу) балдар үчүн билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактардын негизги планы | 2 |
| 12. | 6 жаштагы балдардын психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү | 2 |
| 13. | Түрдүү курактагы топтордо педагогикалык процессти уюштуруу | 2 |
| 14. | Үй-бүлө менен өз ара аракеттенүү | 2 |
| 15. | Баалоо портфолиосу | 2 |
| | **Жыйынтыгы** | **30** |

**“Балдарды мектепке даярдоо” дисциплинасы боюнча түзүлгөн рефераттын темалары**

| № | Темалардын аталышы |
|---|---|
| 1. | Балдарды мектепке даярдоонун негизги компоненттери |
| 2. | Наристе программасынын милдеттери жана максаттары |
| 3. | Баланын мектептеги окууга болгон даярдыгындагы көрсөткүчтөр |

| | |
|---|---|
| 4. | Баланын мектеп чөйрөсүнө адаптациялануу процесси |
| 5. | Мектепке даярдоо ишинде жаңы технологияларды колдонуу |
| 6. | Кыргызстандагы инновациялык мектептердеги өзгөрүүлөр |
| 7. | М.Монтессоринин методикасынын 5 зонасы |
| 8. | Балдардын окуу ишмердүүлүгүндө калыптанган окуу ыкмалары |
| 9. | Сабактарды өткөрүүнүн милдеттүү шарттары |
| 10. | Баланын мектепке даярдыгынын критерийлери |
| 11. | Жылдык программанын окуу планы |
| 12. | "Айлана чөйрө менен тааныштыруу" предметинин негизги милдеттери |
| 13. | "Кеп өстүрүү жана көркөм адабият" программасы |
| 14. | Окуу жылынын аягына карата күтүлгөн базалык натыйжалар |
| 15. | Мария Монтессоринин өмүрү, чыгармачылык жолу. |

**МОДУЛДАР БОЮНЧА ТҮЗҮЛГӨН СУРООЛОР:**

**1-модуль**

| | |
|---|---|
| 1. | Балдардын курактык өзгөчөлүктөрү |
| 2. | Оюн ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча сунуштар |
| 3. | Мектепке даярдоо программасынын иш тартиби |
| 4. | 6 жаштагы балдардын окуусуна карата зарыл талаптар |
| 5. | Мектепке даярдоо программасын ишке ашыруу максатында үй-бүлө менен иштөө ыкмалары |
| 6. | 6 жаштагы балдардын психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү |
| 7. | 5–6 жаштагы балдарды өнүктүрүү программасы |
| 8. | 5тен 6 жашка чейинки балдарды мектепке даярдоо үчүн билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактар |
| 9. | Окутуу процессин уюштуруунун эрежелери |
| 10. | Балдарды 6-жаштан мектепке даярдоо үчүн окуу планы |
| 11. | Психологиялык-педагогикалык көйгөйлүү жагдайлар |
| 12. | 5 тен 6 жашка чейинки (жогорку топтогу) балдар үчүн билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактардын негизги планы |
| 13. | Оюндун түрлөрү |
| 14. | Түрдүү курактагы топтордо педагогикалык процессти уюштуруу |
| 15. | Үй-бүлө менен өз ара аракеттенүү |

**«Балдарды мектепке даярдоо»** дисциплинасы боюнча **ТЕСТ**

1. **Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан кабыл алынган мектепке чейинки билим берүүнүн программасы**
   а) "Наристе" программасы; б)"Балапан" программасы;
   b) "Жеткинчек" программасы; г)"Мектеп" программасы.

**2.Кыргыз Республикасында мектепке чейинки билим берүүнүн программасын канча жаштан окуй алат?**

a) 8 жаштан; б)3 жаштан;
b) 6 жаштан г)5 жаштан.

**3.Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана илим министрлигинин .№1090/1-буйругу менен балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасы канчанчы жылы бекитилген?**

a) 2015-жылы; б)2016-жылы;
b) 2017-жылы; г)2018-жылы;

4.**Баланы мектепке даярдоодо өз алдынчалуулук жөндөмдөрүнө эмнелер кирет?**

a) эрежелерге аң-сезимдүү баш ийүү жөндөмү;
b) берилген талаптарга көңүл буруу мүмкүнчүлүгү;
c) сүйлөгөн адамды кунт коюп угуу мүмкүнчүлүгү;
d) тандоонун визуалдык кабылдоосунун негизинде тапшырманы өз алдынча аткаруу мүмкүнчүлүгү;
e) бардык жообу туура.

**5.Баланын мектепке психологиялык даярдыгынын негизги компоненттери**

a) интеллектуалдык; б)мотивациялык;
b) эмоционалдык-эрктүү; г)коммуникативдүү;
c) бардык жооптор туура.

**6.Баланын мектепке өзгөчө даярдыгы эмнелерден турат?**

a) билим алуу жөндөмүнүн болушу; б)эсептөө көндүмдөрү;
b) окуу көндүмдөрү; г)бардык жообу туура

**7.Мектепке чейинки баланын ички позициясы**

a) социалдык жана когнитивдик мотивдердин айкалышы
b) окутуунун социалдык мотиви
c) окутуунун когнитивдик мотиви г)бардык жообу туура

**8.Мектепке чейинки баланын социалдык жетилгендигинин белгилери эмнелерди камтыйт?**

a) баланын теңтуштары менен баарлашууга муктаждыгы жана анын жүрүм-турумун балдар топторунун мыйзамдарына баш ийдирүү мүмкүнчүлүгү;
b) өнүгүүнүн социалдык абалы;
c) мектептеги кырдаалда окуучунун ролун ойной билүү;
d) бардык жообу туура

9.**Мектепке чейинки баланын эмоционалдык-эрктик чөйрөсүнүн, баарлашуусунун өнүгүү деңгээли эмне аркылуу аныкталат?**

a) баланын мектепке физиологиялык даярдыгы;
b) баланын мектепке психикалык даярдыгы;
c) баланын мектепке социалдык даярдыгы;
d) бардык жообу туура

10.**Мектепке чейинки баланын кызыгууларын жана керектөөлөрүн канааттандыруучу, анын бүтүндөй жашоосун оң эмоцияга жык толтуруу максатын көздөгөн чөйрөнүн уюшулган ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы бул -**

a) баланы өстүрүү; б)баланы мектепке даярдоо;
b) баланы көзөмөлдөө; г)бардык жообу туура

**11.Башкалардын сөзүн угууга, көңүл коюуга, жамаат менен таанып билүү иштерине катышууга, теңтуштары менен достошо билүүгө үйрөтүү бул -**

a) тарбиялоо; б)мектепке даярдоо;
b) окутуу; г)бардык жообу туура

**12.Балдарды мектепке даярдоо "Наристе" программасы кандай багыттар боюнча иш жүргүзөт?**

a) социалдык ыңгайлашуу; б) бардык жообу туура

b) жалпы өсүү (эс-тутумдун, көңүлдүн, интеллекттин өсүүсү);
c) окууга болгон кызыгууну жараткан мотивдерди калыптандыруу;
d) балдардын ден соолугун коргоо жана бекемдөө, алардын дене жана психикалык жактан өсүүсү үчүн болушунча шарттарды түзүү;

**13.Балдарды мектепке даярдоо “Наристе” программасы кандай милдеттерди өз ичине камтыйт?**

a) билим берүүчү; б)өстүрүүчү;
b) тарбиялоочу; г)бардык жообу туура

**14.Баланын мектептеги окууга даярдыгы жана мектеп чөйрөсүнө адаптациялануусу эмнеден көз каранды?**

a) анын психологиялык даярдыгынан; б)анын физиологиялык даярдыгынан;
b) анын социалдык даярдыгынан; г)бардык жообу туура.

**15.Баланын мектепке болгон даярдыгы кандай параметрлер менен аныкталат?**

a) пландаштыруу - баланын максатына шайкеш келген өз ишмердүүлүгүн уюштура билүүсү;
b) көзөмөл - бала иш-аракетинин жыйынтыгын алдына койгон максаты менен салыштыра билүүсү;
c) окуу мотивациясы - бала айлана чөйрөнүн касиеттеринин мыйзам ченемдүүлүктөрүн, нерсенин жашыруун касиеттерин табуу аракети жана аларды пайдалана алуу;
d) интеллектин өнүгүү деңгээли - башкаларды уга билүү жөндөмү, сөз менен түшүндүрүү формасында бардык логикалык операцияларды толук аткара алуусу.
e) бардык жообу туура.

**16.Баланын мектепке ийгиликтүү адаптацияланууу белгилери ...**

a) Окуу процессине канааттануу; б)Программаны өздөштүрүү;
b) Көз карандысыздык даражасы; г)Мугалим жана классташтар менен жакшы мамиле;
c) бардык жообу туура.

**17.Баланын мектепке ыңгайлашуусу канча этапта жүрөт?**

a) 2; б)3;
b) 4; г)5.

**18.Мария Монтессори ким болгон?**

a) италиялык дарыгер жана мугалим; б)франциялык мугалим жана акын;
b) италиялык менеджер; г)германиялык дарыгер;

**19.М.Монтессоринин педагогикалык системасы кандай бөлүктөрдөн турат?**

a) бала; б)чөйрө;
b) мугалим; г)бардык жообу туура.

**20.6-7 жаш курактагы балдардын өз жүрүм-турумун башкара билүүсү бул -**

a) Баланын когнитивдик өсүүсү;
b) Денелик жактан өсүүсү;
c) Логикалык ой жүгүртүүнүн өсүүсү;
d) Кабыл алуу өзгөчөлүктөрүнүн өсүүсү;

**1. 6-7 жаштагы балдарды окутуудагы, баланын көңүлдү топтоо жөндөмү бул -**

a) баланын когнитивдик өсүүсү;
b) **көңүл буруу өзгөчөлүктөрүнүн өсүүсү;**
c) логикалык ой жүгүртүүсүнүн өсүүсү;
d) эс тутум өзгөчөлүктөрүнүн өсүүсү;

**2. Балдарды мектепке даярдоо "Нариcте" программасынын окуу планы боюнча бир академиялык саат (сабак) канча мүнөттү түзөт?**
a) 45;
b) 60;
c) 25;
d) **35.**

**3. Балдарды мектепке даярдоо "Нариcте" программасынын окуу планы боюнча сабактардын саны жумасына канча болуусу зарыл?**
a) **15;**
b) 20;
c) 5;
d) 10.

**4. Балдарды мектепке даярдоо "Нариcте" программасынын окуу планы боюнча физминутка канча мүнөттөн ашпайт?**
a) **3**;
b) 4;
c) 5;
d) 10.

**5. Балдарды мектепке даярдоо "Нариcте" программасынын окуу планы боюнча окуу жылынын узактыгы канча жума?**
a) **32;**
b) 40;
c) 35;
d) 30.

**6. Балдарды мектепке даярдоо "Нариcте" программасынын окуу планы боюнча эртең мененки гимнастиканын узактыгы канча мүнөт?**
a) 3;
b) 4;
c) 5;
d) **10.**

**7. Балдарды мектепке даярдоо "Нариcте" программасынын окуу планы боюнча кыймылдуу оюндардын узактыгы канча мүнөт?**
a) 25-30;
b) 20-30;
c) 5-10;
d) **10-15.**

**8. Дене тарбия менен системалуу машыгуу 6 жаштагы балдардын кандай дене сапаттарын калыптандырганга жардам берет?**
a) шамдагайлык;
b) ыкчамдык;
c) чыдамкайлык;

d) ийкемдүүлүк;
e) **бардык жообу туура.**

**9. Мектеп жашына чейинки курак?**

a) 2-3 жаштан 5-6 жашка чейинки;
b) **3-4 жаштан 6-7 жашка чейинки;**
c) 4-5 жаштан 7-8 жашка чейинки;
d) 5-6 жаш.

**10. Балдардын текстерди жаттоо, терминдерди, белгилерди, аңгемелердин мазмунун эстеп калуу, берилген сөздөр боюнча аңгемелерди түзүү, эстеп калганы боюнча сүрөт тартуу, мурда жатталган же өтүлгөн материалды эске тутуу жана ой жүгүртүү процесстерин көзөмөлдөө жөндөмү бул -**

a) баланын когнитивдик өсүүсү;
b) денелик жактан өсүүсү;
c) логикалык ой жүгүртүүсүнүн өсүүсү;
d) **эс тутум өзгөчөлүктөрүнүн өсүүсү;**

***"Балдарды мектепке даярдоо"*** дисциплинасы боюнча

**ЭКЗАМЕНДИК СЫНАКТЫН БИЛЕТТЕРИНИН СУРООЛОРУ**

**БИЛЕТ №1**

1. «Наристе» программанын алкагында балдарды мектепке даярдоо кайсы багыт боюнча жүргүзүлөт?
2. Кандай процесстер таанып билүүчү болуп эсептелинет?
3. Үй-бүлө менен иштөө

**БИЛЕТ №2**

1. Монтессори педагогикасынын ыкмаларын колдонуу
2. Дене өстүрүү боюнча усулдук сунуштар
3. "Дене өстүрүү" (тарбия) предмети боюнча сабактардын болжолдуу конспектиси

**БИЛЕТ №3**

1. Балдарды айлана-чөйрө менен тааныштыруу
2. Кеп өстүрүү жана көркөм адабият
3. 6 жаштагы балдардын сабатын ачуу

**БИЛЕТ №4**

1. Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү жана конструкциялоону калыптандыруу
2. Көркөм өнөр предмети
3. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин үйрөтүү

**БИЛЕТ №5**

1. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде орус тилин үйрөтүү
2. "Кадам артынан кадам" программасынын ыкмаларын колдонуу
3. "Кадам артынан кадам" программасы боюнча болжолдуу конспектилери

**БИЛЕТ №6**

1. М.Монтессоринин педагогикалык системасы
2. Дидактикалык материалдардын тизмеси жана аларды пайдалануу

